КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 20-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 18-ноябрь №82

Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесине,«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, ошондой эле Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Искендеровдун сунушун жана айылдык кеңештин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 5123,8 (беш миллион бир жүз жыйырма үч миң сегиз жүз) миң сом өлчөмүндө өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.
2. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетинин киреше бөлүгүнө кошумча 5123,8 (беш миллион бир жүз жыйырма үч миң сегиз жүз) миң сом 1-тиркемеге ылайык жумшалсын.
3. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн атайын эсебиндеги атайын каражаты 2-тиркемеге ылайык жумшалсын.
4. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетиндеги үнөмдөлгөн акча каражаттарын беренден беренеге которуп, муктаждыкка жараша жумшоого макулдук берилсин.
5. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Искендеровго жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы С.Ормоновго төмөнкүлөр тапшырылсын:
    1. бекитилген өзгөртүүлөргө ылайык тиешелүү финансылык документтерге (сметаларга) өзгөртүүлөрдү киргизүү;
    2. бөлүнгөн акча каражаттарынын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылуу;
6. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын.
7. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
8. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төраганын орун басары: **С. Өтөнов**

Исхак-Полотхан айылдык Кеңешинин

сегизинчи чакырылышынын кезексиз

20-сессиясынын №82 токтомуна 1-тиркеме

Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгашалары боюнча маалымат.

№	Элемент	Чыгашалардын аталышы	Көбөйтүү жана азайтуу (мин сом) (+,-)
Аппарат			
1	2211	Сапар чыгымдары	120,0
	2215	Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу	1400,0
2	2731	Электр энергиясына төлөм	170,0
		Бардыгы:	**1690,0**
ЖКХ			
1	2215	Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу	133,8
	2512	Субсидия	600,0
2	3111	Имараттар жана курулмалар	2100,0
3	3112	Машина жана жабдуулар	600,0
		Бардыгы:	**3433,8**
		Жалпысы:	**5123,8**

Жооптуу катчы: **А. Арапова**

Исхак-Полотхан айылдык Кеңешинин

сегизинчи чакырылышынын кезексиз

20-сессиясынын №82 токтомуна 2-тиркеме

Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн атайын эсебиндеги чыгашалар бөлүмү боюнча маалымат.

№	Элемент	Чыгашалардын аталышы	Көбөйтүү жана азайтуу (мин сом) (+,-)
Аппарат спец			
3	3112	Машина жана жабдуулар	290,0
		Бардыгы:	**290,0**

Жооптуу катчы: **А. Арапова**